КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргыз Республикасы
«Бишкек инновациялык
колледжи» мекемеси
Кыргызская Республика
Учреждение «Бишкекский
инновационный колледж»
ИНН 01202201610263
№ 6
«27» 01 2023 ж.

Мамытова Б.Н.

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

27.01.2023 г. № 171/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

25.01.23

**21 - февраль - Эл аралык эне тил күнүнө карата айлык жарыялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамын ишке ашыруу, Бириккен Улуттар Уюмунун жана ЮНЕСКОнун чечиминин негизинде Кыргызстанда жашаган улуттардын ынтымагын бекемдөө, алардын эне тилин, маданиятын жайылтуу максатында **буйрук кылам:**

1. Бишкек, Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын жана республикадагы бардык райондук (шаардак) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларынын мамлекеттик тил боюнча проректорлору жана директорлоруна:
   - 2022-жылдын 21- февраль - Эл аралык эне тил күнүнө карата бардык билим берүү уюмдарында бир айлык жарыялансын;
   - Министрликтин айлык боюнча иш-чаралар планы бекитилсин (1-тиркеме);
   - Билим берүү уюмдарында (Жогорку, орто, башталгыч кесиптик окуу жайлар, мектептер жана бала-бакчалар) "Эне тилди барктайлы" темасында шайыр тапкычтар клубун (ШТК), тарбиялык сабактарды, сынактарды, дил баян, видеосынактарды ж.б. иш-чараларды онлайн жана офлайн форматында уюштурулсун;
   - Кесиптик окуу жайларында, облустук усулдук борборлорунда өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалыматтар жалпыланып, 2023-жылдын 18-мартына чейин министрликке bilimmamtil@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүлсүн.
   - Мамлекеттик тил сектору 2022-жылдын 19-февралында жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга жөнөтсүн.
2. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам

Министрдин орун басары Т.А.Ашымбаева